Көйгөй

# Кыргыз брендинин бели сынбашы керек

Нарынкүл НАЗАРАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"

**Россиянын 110дон ашык шаарында, Казакстанда кыз-келиндерибиз тиккен кийимдер "Made in Kyrgyzstan" деген бренд менен сатылып келе жатат. Россиянын 140 млн. ашык калктуу рыногун Кытай, Кыргызстан, Түркия, Беларусь жана Европанын айрым өлкөлөрүнүн кийим-кечелери дээрлик ээлеген. Ал жакта Кыргызстандын товарлары сапаты, көлөмү жагынан 25 жылдан бери өз позициясын бекемдеп алган. Тигүү тармагынын өнүгүшүнө мамлекет абдан жагымдуу шарт түзгөнүн эч ким танбайт. Анткени, Кыргызстанда патенттик система киргизилгени тигүүчүлөргө чоң колдоо болгон.**

Беш жыл мурда Бишкекке тажикстандык бир нече жаран келип, кийим тигүүчү цехтерге алгачкы буйрутмаларды бере баштаган. Алар негизинен бир эле моделдеги кийимдерди тиктиришет. Сапаты начар, көлөмү көп кийимдер «Made in Kyrgyzstan» бренди менен Россияга жашыруун чыгарыла баштаган. Алар бул жердеги кыргыз ишкерлерине караганда тигүүчүлөргө бир аз көбүрөөк төлөп кызыктырышат. Мамлекеттик органдардын эч биринде катталышкан эмес. Мындай легалсыз атаандаштык биздин ишкерлерди кыйла оор абалга салат. Аргасы кеткен кыргыз ишкерлери «Дордойдун» профсоюз уюмуна кайрылышкан. Ал жерден райондук бийликке, УКМКга, ИИМдин онунчу бөлүмүнө, салык кызматына, финполго кайрылуу жазышкан. Ошондон баштап, «уурусу күч болсо, ээси доого жыгылат» болуп, чет элдиктер: «Дордойчулар бизди уруп-согуп, иштетпей жатышат», - деп пикет уюштурууга чейин барышкан. Ушул көйгөй тууралуу ишкерлердин арманын угуп көрдүк.

*«Дордой» базарынын профсоюз уюмунун төрайымы Дамира ДӨЛӨТАЛИЕВА:*

### «Сапатсыз кийимдерди тигип, брендге сокку уруп жатышат»

- Быйыл «Дордой» базарынын түптөлгөнүнө 30 жыл толот. Ошондон бери бул жерде 48 улуттун өкүлү иштеп келе жатат. Ушул мезгилден бери бизде бир да жолу улут аралык талаш-тартыш чыккан учур болгон эмес. Биз тажикстандык жарандар менен болгон көйгөйдү укуктук негизде чечүүгө аракеттенип, эки айдан бери алардын өздөрү менен түз сүйлөштүк. Бирок, тажик улутундагы Россиянын жараны чыгып алып: «Дордойчулар» бизди сабап иштетпей жатат», - деген карандай жалган маалымат таратып, бир нече жаранды митингге чыгарышты.



Аны менен катар «Дордойдо» иштеген 400гө жакын соодагер райондук администрациянын алдына барышып, каршылаштардын айткандарын төгүндөп бердик.

Бул маселе акыркы жарым жылдан бери өтө курчуп кетти. Анткени, чет өлкөдөн келген легалсыз ишкерлер мамлекетке эч кандай салык төлөбөй, жашыруун цехтерде кустардык жол менен тигилген кийимдерди экспорттоп жатышат. Кездемелерди сатып алууда дагы өздөрүнүн монополиясын киргизип салышты. Алар «Мадина» базарынан кездемелерди өтө көп көлөмдө дүңүнөн арзандатып алгандыктан, ал жердегилер кыргыз ишкерлерине кездемелерди дээрлик сатпай башташты. Биз 25 жылдан бери түптөп алган кыргыз брендине тажикстандык жарандар эки жылдан бери баскынчылык кылышып, тигүү өнөр жай тармагына сокку уруп жатышат.

*Асель АТАБЕКОВА, жеке ишкер:*

### «Өкмөт патенттик системаны ууруларга эмес, биз үчүн түзгөн»

- Мен тигүү өндүрүшүндө көп жылдык тажрыйба топтогон адам катары, кыргыз бийлиги жакшылап түшүнүп алуусу үчүн айтайын. Тигүү тармагындагы ири бизнестин өкүлдөрү көп жылдан бери туруктуу өнүгүп, иштин бирдиктүү системасын горизонталдуу да, вертикалдуу да жагдайда жолго коюп алышкан.



Тилекке каршы, бизде алардын саны абдан аз. Азыркы күндө көбүн эсе чакан жана орто бизнестин өкүлдөрү түрдүү көйгөйлөргө кабылып жатышат. Биз кардарлар менен түз байланышта иштейбиз. Өз ишканасы жок болгону менен тигүү цехтерине буйрутмаларды беришип, товарларды экспорттоп саткан ишкерлерибиз бар. Ал эми цехтердин ээлери кичине эле баа кошуп, бир аз пайда үчүн товарын берүүгө мажбур. Анткени, өндүрүштү кеңейтүүчү каражатыбыз тартыш. Ошондуктан бир аз эле тоскоолдук чыга калса Кытай, Түркия сыяктуу ири экспортерлорго атаандаштыкты алдырып коюу коркунучу бар. Азыркы күндө патенттик система менен иштегенибиз бизди рыноктон четтеп калуудан сактап турат.

Өзүңүздөргө белгилүү, тигүү тармагы үчүн Кыргызстандын эч жеринде чийки зат чыгарылбайт. Анын бардыгын чет мамлекеттерден ташып келип жатабыз. Бул өтө опурталдуу көрүнүш. Анткени, буга чейин биздин тигүүчүлөргө буйрутмаларды туруктуу берип келе жатышкан кардарлар: «Кыргызстандын мыйзамдарын сактабай акча каражаттарын чыгарып кетүүгө болот турбайбы», - деген түшүнүктө калышы ыктымал. Себеби, биздин туруктуу ишибизге кедерги тийгизип жатышкан тажикстандык жарандар салык, социалдык төлөмдөрдү төлөбөй, эч бир мамлекеттик органга катталбай иштеп жатышат.

Биз негизинен Кытайдын өндүрүшүнөн чыгарылган чийки затты ташып келебиз, сырттан кирген товарлар үчүн КНС алынат. Андан бюджетке туруктуу каражат түшүп жатат. Эгерде мамлекет тигүүчүлөрдүн абалын түшүнүп, четтен келип жаткан мыйзамсыз ишкерликти тыйбаса, 200 миң адам иштеген тармактын 80 пайызын жоготуп алабыз. Кыргызстандын тигүү тармагы өлкө экспортунун көлөмү боюнча экинчи орунда экенин унутпасак.

Москвадагы кыргыз мигранттардын 12 пайызы бизден барган тигүү тармагынын товарларын сатып, үй-бүлөсүн багып, «Made in Kyrgyzstan» деген брендди жайылтып жатышат. Алар ал жакта ижарага алып иштеген соода оруңдарынын төлөмдөрү абдан чоң. Бүгүнкү күндө легалсыз экспортерлордун кесепетинен алардын 50 пайызы банкрот болуунун алдында турушат. Жакында ошол жарандардын өкүлдөрү да Бишкекке келишип, «25 жылдан берки түптөгөн рыногубузду талкалатып алабызбы?» - деп, арманын айтышты.

*Венера КАЛЫБАЕВА, «Вен Стелла» тигүү ишканасынын жетекчиси:*

### «Россиядагы ишкерлерибиз банкрот болушууда»

-Азыркы күндө тажикстандык жарандар бул жактан кийимдерди тиктирип алышып Москва, Екатеринбург, Свердловск сыяктуу оңдогон шаарларга ташып, «Смешные цены», «Распродажа» сыяктуу түйүндүү дүкөндөрдө биздин бренд менен абдан сапатсыз кийимдерди сатышууда.



Алардын жанындагы биздин жарандардын: «Садовод», «Люблена» сыяктуу чоңчоң базарлардагы бренддүү товарлары өтпөй калууда. Анын кесепетинен ишкерлерибиз банкрот болушуп, Кыргызстандагы үйүн сатып, банктагы кредитин төлөгөндөрү көбөйүүдө. Учурда Бишкектеги 100-200 машинкасы бар цехтерде болгону отуздай эле кыз-келиндер иштеп калышты.

*Гүлназ ЫСАКОВА, «Б – Аян» тигүү ишканасынын жетекчиси:*

### «Мамлекет тез арада чара көрүүсү керек»

- Биз кийим тигүүчүлөрдү Бишкекте жана республиканын башка аймактарында да жумуш менен камсыздап келе жатабыз.




Максатыбыз абдан чоң. Кыргыз бренддин Борбор Азияга, Европа мамлекеттерине чейин таратсак дейбиз. Бирок ага кыргыз рыногундагы мыйзамсыз атаандаштык аябагандай тоскоол болууда. Мамлекет мыйзамсыз ишкерликке тез арада чара көрбөсө тигүү тармагынын абалы кыйын.

# Ден соолук борбору жана жаңы лаборатория ачылды

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Ден-соолук борбору жана COVID-19 вирусун аныктоочу (ПЦР) лабораториянын ачылыш аземи болду. Ага Түркиянын тышкы иштер министри М.Чавушоглу, КРнын тышкы иштер министри Р.Казакбаев, Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министри А.Бейшеналиев, КТМУнун ректору, профессор А.Жейлан жана биринчи проректору А.Кулмырзаев катышты.**





Делегациянын тобу Ден соолук борбору жана дарт аныктоочу лаборатория менен толук таанышып чыгышты. Шейит Эрен Бүлбүл атындагы 615м² аянтты ээлеген Ден соолук борбору тиешелүү Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан аккредитацияланып, заманбап медициналык технологиянын бардыгы менен жабдылган. Лаборатория бир күндө болжол менен 700гө жакын тест жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Бүгүнкү күндө Бишкекте вирусту аныктоочу лабораториялар өтө аздык кылгандыктан, шаар калкы кезекке туруп убара тарткан окуялар пандемия учурунда көп болду. Ушуга байланыштуу КТМУнун ректору Алпаслан Жейлан: "Ден соолук борбору менен COVID-19(ПЦР) лабораториясын ишке киргизүүгө кошкон чоң салымы үчүн Түркия Республикасынын Президентинин Аппаратынын коммуникация бөлүмүнүн башчысы жана КТМУнун камкорчулар кеңешинин төрагасы Фахреттин Алтунга чын ыкласыбыздан ыраазычылык билдиребиз", - деди.

Айзат ТАЛАСБАЕВА, "Манас" медианын кызматкери